# КЕЛИН ТОЙ

**Сөзү: Мөөркан Мамыркулованыкы**

**Обону: Жеңгиз Мырзакуловдуку**

**Апалар тосуп жолду,**

**Айылым шаңга толду.**

**Жаңырган ырлар коштоп,**

**Бакыттын кушу конду.**

**Ээээй! Ээээй !**

**Келин алдым, келе кой.**

**Бүгүн бизде шаңдуу той.**

**Бата берген элиңдин,**

**Ак батасын ала кой,**

**Турмуштун жолун басып,**

**Тилегим ишке ашып.**

**Татына келин келди,**

**Жүзүнөн нурун чачып.**

**Ээээй Ээээй !**

**Келин алдым келе кой,**

**Бүгүн бизде шаңдуу той.**

**Алакаңды жайып,**

**Алкыш бата ала кой.**

**Кудаларым келишип,**

**Ак батасын беришип,**

**Ырыскы кешик чачып,**

**Тойлорго эшик ачып.**

**Ээээй! Ээээй!**

**Келин алдым келе кой,**

**Бүгүн бизде шаңдуу той.**

**Кайын журттун батасын,**

**Тилек кылып алып кой.**

**Кайнатага кам көрген,**

**Кайненеге дем берген.**

**Кайын журтун сыйлаган,**

**Ак жолтойлуу келин бол.**

**Келин алдым, келе кой,**

**Бүгүн бизде шандуу той.**

**Ак батадан көгөрүп,**

**Уул кыздар көбөйүп.**

**Ак батадан көгөрүп,**

**Неберелер көбөйүп.**